DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



*Усупова Н.С., Абдыраева Ж.Д.*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖОГОРКУ ПЕДАГОГИКАЛЫК БИЛИМ БЕРҮҮСҮНҮН УЧУРДАГЫ АБАЛЫ ЖАНА НЕГИЗГИ КӨЙГӨЙЛӨРҮ

*Усупова Н.С., Абдыраева Ж.Д.*

# СОВРЕМЕННОЕ СОСТОЯНИЕ И ОСНОВНЫЕ ПРОБЛЕМЫ ВЫСШЕГО ПЕДАГОГИЧЕСКОГО ОБРАЗОВАНИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ

*N. Usupova, Zh. Abdyraeva*

# THE CURRENT STATE AND MAIN PROBLEMS OF HIGHER PEDAGOGICAL EDUCATION OF THE KYRGYZ REPUBLIC

*УДК: 378 (575.2)*

*Бул макалада педагогикалык билим берүүнүн Кыргызстандын өнүгүүсүнө тийгизген таасирине анализ берилет. Дал ушул педагогикалык билим берүүнүн абалына калктын сабаттуулук денгээли гана эмес, өлкөнүн коомдук турмушунун жалпы тармактарынын жетишкендиктери менен аракеттери түздөн-түз көз каранды экендиги баса белгиленет. Макалада Кыргызстандагы педагогикалык билим берүүнүн негизги тарыхый этаптары кыскача баяндалат. Азыркы учурда Кыргызстандын билим берүү саясатынын негизги максаты жана милдети катары ааламдашуу жана модернизация процесси тургандыгы талашсыз. Ошол себептен келечектеги педагогдун инсандык-чыгармачылык потенциалын өстүрүүгө шарт түзүү үчүн жогорку педагогикалык билим берүүгө түп тамырынан реформа жүргүзүп, окуу процессинин моделдерин жаңыртып, сапаттуу жаңы ыкмаларды колдонуу керектиги замандын талабы. Макалада мындан тышкары жогорку педагогикалык билим берүүнүн негизги көйгөйлөрү жана аларды чечүү жолдору көрсөтүлгөн. Жаңы социалдык-экономикалык шартта педагогикалык билимдин мааниси жогорулаган. Себеби, педагогикалык тармак мамлекеттин интеллектуалдык, өндүрүш жана руханий денгээлин калыптандыруучу механизмге ээ. Мындан тышкары педагогикалык билимдин сапаты коомдун, элдик чарбанын, техника жана заманбап технологиянын өнүгүүсүнүн динамикасы болуп саналат. Дал ошол багытта алып караганда коомдун ар тараптуу өнүгүшүн камсыз кылуу үчүн республиканын жогорку педагогикалык билим берүүсүнө өзгөчө көңүл буруулушу керек. Анткени, бул тармак адамдык ресурстун, адамдык капиталдын калыптанышына гана таасир тийгизбестен, коомдогу туруктуулукту камсыздоо, руханий өнүгүүнү, улуттук коопсуздукту сактоону жана эң башкысы өлкөнүн дүйнөлүк аренада кадыр-баркынын өсүшүнө алып келет.*

***Негизги сөздөр:*** *педагогикалык билим, билим берүү, мамлекет, билим берүү саясаты, калк, билим денгээли, мугалим, инсан, чыгармачыл потенциалы, мугалимдин статусу.*

*В статье анализируется роль педагогического образования в развитии Кыргызстана, при этом подчеркивается, что именно от этого сегмента высшего образования напрямую зависит не только уровень образованности населения, но и степень действенности, успешности всех сфер общественной жизни страны. В ней кратко изложены основные вехи истории педагогического образования. Отмечается, что в настоящее время ведущей идеей и центральной задачей образовательной политики Кыргызстана является глобализация и модернизация образования, в связи с чем обосновывается необходимость коренного реформирования системы высшего педагогического образования, внедрения в практику качественно новых подходов, моделей учебного процесса, создающих условия для развития личностно-творческого потенциала будущего педагога. В статье также выделены основные проблемы в развитии высшего педагогического образования, предложены пути их решения в сложившихся условиях. В новых социально-экономических условиях важность педагогического образования возросла. Это потому, что педагогическая отрасль имеет механизм, который формирует интеллектуальный, производственный и духовный уровень государства. Кроме того, качество педагогических знаний является динамикой развития общества, народного хозяйства, техники и современных технологий.*

***Ключевые слова:*** *педагогическое образование, образование, государство, образовательная политика, население, уровень образования, Учитель, личность, творческий потенциал, статус учителя.*

*The article analyses the role of pedagogic training in development of Kyrgyzstan, and underlining that from this segment of higher education not only the level of population education depends but the level of efficiency and performance of all spheres of social life of the country. Article briefly describes the milestones of the history of pedagogic training. It is stipulated that the main idea and central objective of educational policy of Kyrgyzstan is globalization and modernization of education, and considering that the necessity of radical reforming of the system of higher pedagogic training, introduction of new approaches, models of training process that create the conditions for development of personal and creative potential of future pedagogue is substantiated. The article highlights main problems in development of higher pedagogic training, the ways of their solution in current situation are proposed. In the new socio-economic conditions, the importance of pedagogical education has increased. This is because the pedagogical branch has a mechanism that forms the intellectual, industrial and spiritual level of the state. In addition, the quality of pedagogical knowledge is the dynamics of the development of society, the national economy, technology and modern technologies.*

***Key words:*** *pedagogical education, education, state, educational policy, population, level of education, teacher, personality, creative potential, teacher status.*

Коомдогу илимий-техникалык прогресс, жаңы технологиялардын өндүрүшкө киргизилиши адамзаттык баалуулуктардын дагы бир жогорку тепкичке көтөрүлүшүн, аны менен катар ар бир инсандын жеке активдүү позициясынын күч алышын, профессионалдык ишмердүүлүктүн ар тараптуу өөрчүшүнө көмөк көрсөтөт.

Илгертен бери эле кыргыз эли билимдүү, илим билген адамдарга өзгөчө урмат кылып келишкен. Илим, билимге карата урмат мамиле кыргыз элинин

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



оозеки чыгармачылыгында, өзгөчө макал-лакаптарда кеңири кездешет. Алсак, «илим албай мактанба, өнөрлүү болбой баптанба» деп айтылса [1], дагы башка макалда «билимдүүгө дүйнө жарык, билимсизге дүйнө караңгы» деп айтылып келет [12, 3-б.].

Бирок, мурда көчмөн турмушта жашаган кыргыз эли орто кылымдарда илим билимдин чордону болгон диний борборлордон алыс болгондуктан, калк арасында билимдүүлөр аз чыккан жана бул түздөн түз сабаттуу адамдардын санына таасирин тийгизген. XIX кылымдын башталышында гана ислам дининин кеңири таралышынын таасири менен чөлкөмдө алгачкы мусулман мектептери, медреселер пайда боло баштаган. Бул мектептер дин кызматкерлерин жана мусулман мектептери үчүн мугалимдерди даярдашкан. Жогоруда аталган медреселер калк отурукташкан жерлерде ачылып, алардын саны барган сайын көбөйгөн. Алсак, 1982-жылы Кыргызстандын түштүгүндө 7 медресе болсо, ал эми 1914-жылы жалгыз эле Ош уездинде медреселердин саны 88ге жеткен [2, 287-б.].

Россия империясынын курамына кошулгандан кийин Кыргызстанда орус, орус-тузем мектептери, училища жана гимназиялар ачыла баштаган. 1916-жылы орус-тузем мектептеринин саны 16га жетип, анда 750 окуучу билим алган. Бул 750 окуучунун ичинен 56сы кыздар болгон [3, 13-б.].

Изилдөөчүлөрдүн маалыматтарына таянсак жалпы Түркестан боюнча педагогикалык кадрларды даярдоо Ташкент шаарындагы мугалимдик семинарияда жана Верный шаарындагы училищанын алдындагы педагогикалык курстарда жүргүзүлгөн [7].

XX кылымдын башында түрк тилдүү калктар жашаган аймактарда мектеп жана медреселерди реформалоодон кийин жаңы үлгүдөгү мектептер пайда болгон. Жогорудагы жаңы үлгүдөгү мектептерге 3 класстык билим берүү киргизилип, окуу мөөнөтү 4 жылга созулган. Ал эми окуу пландарына география, грамматика, логика, стилистика, окуу, арифметика, табият таануу, Россия жана Чыгыш тарыхы предметтери киргизилген [3, 7-б.].

Тилекке каршы, Кыргызстанда мектептердин санынын аздыгы, педагогдорду даярдоо борборлорунун жоктугу жана да бийликтин билим берүү системасын өнүктүрүгө карата максатсыз аракеттери калктын 90%ынын сабатсыз бойдон калуусуна алып келген.

Кыргызстанда калкка билим берүүнүн түп тамырынан өзгөрүшү жана анын өнүгүшү Совет бийлиги орногондон кийин башталганы талашсыз. Совет мезгилинде советтик мектептер ачылып, педагогдорду даярдоочу бир катар окуу жайлары пайда болгон. Өлкөнүн мектептери үчүн 1925-жылы Бишкек шаарында эл агартуу Институту ачылган. Бул институт 1928-жылы Кыргыз педагогикалык техникуму деп өзгөртүлгөн. Мындай педагогикалык техникум 1925-жылы Ошто, 1926-жылы Жалал-Абадда да ачылган. 1932-ж. республикада алгачкы жогорку окуу жайы – Кыргыз мамлекеттик педагогикалык институту ачылган [5].

1950-жылдар республикада педагогикалык окуу жайлардын ачылышынын бурулуш мезгили болду десек жаңылышпайбыз. Алсак, 1951-1952-окуу жылынын башында педагогикалык багытта окуткан факультеттери менен Кыргыз мамлекеттик университети түзүлгөн. Ушул эле жылы Ош педагогикалык институту (1951-ж.), Кыргыз кыз-келиндер институту (1952-ж.), Караколдогу Педагогикалык институт (1953-ж.), кийинчерээк орус тили жана адабиятынын Фрунзе педагогикалык институту (1979-ж.) ж.б. ачылган.

Бул окуу жайларынын ачылышынын жыйынтыгы менен 1965-жылдан 1985-жылга чейинки аралыкта жогорку билимдүү мугалимдердин саны шаардык мектептерде 21%, айылдык меткептерде 30% га өскөн. 1980-жылга карата жалпы окуучулар окуу куралдары жана окуу китептери менен камсыз болушкан.

1985-1986-жж. республика боюнча 1654 жалпы билим берүүчү мектеп болсо, анын 1375 же 83% айыл жерлеринде жайгашкан [2, 438-б.].

Азыркы Кыргызстандын педагогикалык кадрларды даярдоо тарыхы кыскача ушундай башталган. Көз карандысыздыкка ээ болгондон кийин аны менен катар коомдук турмуштагы кайра куруулар, экономика, саясат, социо-маданий чөйрөнүн трансформацияланышы, өлкөнүн дүйнөлүк аренага чыгышы жогорку билим берүүнү, биринчи кезекте педагогикалык билим берүүнү түп тамырынан реформалоону талап кылды. Жаңы социалдык-экономикалык шартта педагогикалык билимдин мааниси жогорулаган. Себеби, педагогикалык тармак мамлекеттин интеллектуалдык, өндүрүш жана руханий денгээлин калыптандыруучу механизмге ээ. Мындан тышкары педагогикалык билимдин сапаты коомдун, элдик чарбанын, техника жана заманбап технологиянын өнүгүүсүнүн динамикасы болуп саналат.

Башка мамлекеттер сыяктуу эле биздин өлкөнүн өнүгүшү үчүн педагогикалык билим берүүнүн орду чон жана эң маанилүү болуп саналат. Биринчиден, сапаттуу билим берүү ар бир коомдун негизги талабы т.а. бул эч качан жок болуп кетпейт. Өлкөнүн баардык аймактарында жүздөгөн билим берүү жайлары квалификациялуу педагогдорго муктаж. Экинчиден, бүгүнкү күндө мамлекетте калктын дээрлик жарымы билим берүү процесси менен байланышта. Кыргызстанда ар кандай баскычта окуп, билим алып жаткан калктын саны 2 миллиондон ашат. Эгерде бул тизмеге мугалимдерди, ата-энелерди кошо турган болсок, анда бул көрсөткүч 6.5 млн. калктын басымдуу бөлүгүн түзөт [13].

Бүгүнкү күндө биздин негизги максатыбыз – келечектеги инсандык-чыгармачыл, тажрыйбалуу, са-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



паттуу педагогду даярдап чыгаруу. Ошол себептен келечектеги педагогдун инсандык-чыгармачылык потенциалын өстүрүүгө шарт түзүү үчүн жогорку педагогикалык билим берүүгө түп тамырынан реформа жүргүзүү, окуу процессинин моделдерин жана сапаттуу жаңы ыкмаларды колдонуу замандын талабы.

Азыркы учурда Кыргызстанда билим берүү саясатын өнүктүрүү үчүн негизги орунда ааламдашуу жана модернизация процесси турганы талашсыз. Бул өлкөнүн европалык жана дүйнөлүк билим берүү процессине кошулушу менен байланыштуу. Биздин өлкөнүн Болон процессине кошулушу педагогдорду даярдап чыгаруу жана квалификациясын жогорулатуу процессине түзөтүүлөрдү киргизүүдө. Бүгүнкү күндө педагогикалык жогорку окуу жайлары адистерди эки баскычтуу деңгээлде: бакалвр жана магистрлерди даярдап жатышат.

Расмий маалыматтарга таянсак, Кыргызстанда педагог адистерин 26 окуу жайы даярдап чыгарат. Алардын 6 мамлекеттик эмес окуу жайлары болуп саналат. Бул окуу жайларда 26 педагогикалык адистик жана 6 багыт боюнча бакалавр, магистрлер даярдалат. Көп баскычтуу билим берүү боюнча педагогдорду даярдоо 13 жогорку окуу жайында ишке ашууда [6, 66-б.].

Бүгүнкү учурда өлкө боюнча мектепке чейинки, жалпы билим берүүчү, башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билим берүүчү мекемелердин саны 4 миңден ашса, аларда эмгектенген педагогдордун саны 113 миңден ашат. Республикада 2296 күндүзгү мектеп бар болсо, анда 82 миң мугалим иштейт. Мунун ичинен шаарларда - 24 миң мугалим, айыл жерлеринде - 58 миң мугалим эмгектенет [7].

Баардык эле билим берүү тармактарында билим алып жаткан окуучу, студенттин жетишкендигине мугалимдин инсандык-чыгармачылыгы жана кесипкөйлүгү түздөн-түз таасирин тийгизеери талашсыз. Ошондуктан, мугалимдин кесиби боюнча чыгармачылык жигер жана кесиптик чеберчилик менен иштөөсү үчүн эң алды жогорку эмгек акы, квалификациясын дайыма жана системалуу түрдө жогорулатып туруу иштерине көңүл бурушубуз зарыл. Эгер бул негизги шарттар аткарбастан ар кандай реформаларды жүргүзүү, окуу процессин материалдык-техникалык жактан камсыздоо эч кандай оң жыйынтыктарды бере албайт.

Тилекке каршы, бул жаатта алып караганда бир катар көйгөйлөр бар. Алардын ичинен биринчи орунда мугалимдердин коомдогу социалдык статусун төмөндөтүп, алардын кадыр-баркын түшүргөн – бул кесиптин престиждүү эмес экендиги. Буга байланыштуу ар бир жылы республика боюнча 2 миңге жакын мугалимдер жетишсиздиги жаралат. Эң оболу бул жетишсиздиктин башында – башталгыч класстын мугалимдери, орус тилчилер, математика жана физика адистери турат. Жаш курагы боюнча алсак, ар бир экинчи мугалимдин жашы 50дөн өйдө болсо, 30 жашка чейинки жаш педагогдордун көрсөткүчү 10%дан ашпайт [8]. Жогорку окуу жайын жаңы бүтүргөн адистер мугалимдик айлык акынын аздыгынан мектепке барып иштөөдөн баш тартышат.

Мугалимдердин коомдогу социалдык статусунун төмөндөшүнүн башкы себеби эмгек акынын аздыгы. Адистердин айтымында, бул алардын материалдык абалына, ден соолугуна гана таасирин тийгизбестен, эң башкысы окуучулардын жетишкендигине да чоң таасирин тийгизет. Дүйнөлүк тажрыйба көрсөткөндөй педагогдордун эмгек акысы мамлекеттеги орточо эмгек акыга барабар болушу керек экен. Тилекке каршы, Кыргызстанда билим берүү тармагында иштегендердин айлык акысы мамлекеттеги орточо эмгек акыдан 20%га, ал эми мамлекетти башкаруу тармагынын кызматкерлеринин айлыгынан 40%га ылдый.

Мугалимдин эффективдүү иштөөсүнө айлык акысынын өлчөмүнүн канчалык деңгээлде таасир тийгизээрин Varkey Foundation фондунун адистери изилдеп чыгышкан. Аталган фонд «мугалимдердин коомдогу социалдык статусун көтөрүү жана кесиптин кадыр-баркын жогорулатуу аркылуу ар бир балага сапаттуу билим берүү» миссиясы менен чыгышкан [9]. Изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы The Global Teacher Status Index 2018 (GTSI, 2018) аталышында Varkey Foundation фондунун официалдуу сайтына жарыяланган. Анда, изилдөөчүлөр «эгерде мугалимдин эмгеги жогору бааланса (эмгек акы) окуучуларынын жетишкендиктери да жогорку көрсөткүчтү берет» деген жыйынтыкка келишкен. Буга дагы бир турмуштук далил катары айтсак, АКШда бир мектепте окуу жылынын башында мугалимдерге окуучуларынын жетишкендиктери жогорку көрсөткүчтү бериш керек деген шарт менен сый акы төлөп берген. Эгерде, жыл аягында окуучуларынын жетишкендиктери төмөн болуп калса, алган сый акыны кайтарып беришмек эле. Бирок, жыл жыйынтыгы менен окуучуларынын билим деңгээли бир топ деңгээлге жогорулаганы байкалган [9].

Бул изилдөөлөр мындан тышкары PISA рейтингиндеги орундар ар бир мамлекеттеги мугалимдердин эмгек акысы менен өз ара байланышта экенин көрсөтөт. Алсак, педагог кесиби коомдо кадыр-баркка ээ эмес мамлекеттер бул рейтингде акыркы орунда турат [9].

Ушуга байланыштуу мыйзам ченемдүү суроо пайда болот: мүмкүн мамлекеттик бийликке мугалимдик кесиптин баалуулугун таанып, анын коомдогу социалдык статусун көтөрүп жана татыктуу эмгек акысын төлөп берүү үчүн баардык аракетин жумшай турган мезгил келген чыгаар? Азырынча көпчүлүк жаштар өзүнүн тагдырын мектепке байлагысы келбейт

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



жана педагогикалык жогорку окуу жайларына тапшырышпайт.

Чындыгында, педагогикалык адистиктерге республикалык жалпы тестирлөөдөн (ЖРТ) аз балл алып калган абитуриенттер тапшырышат. Тактап айтканда, педагогикалык кесипке тапшырган студенттердин көпчүлүгү өз каалоосу, тандоосу менен эмес, айласы жоктон тапшырышат т.а. бир жерде окуш үчүн. Ошого жараша окуу процессине алар ынтызар эмес, формалдуу түрдө мамиле кылышаары ачык кеп.

Жыйынтыгында, KG Analytics фондунун талкуусунда белгиленгендей, педагогикалык багытта окуп жаткан студенттер башка адистиктерге көп которулуп кетишет. Университетти аяктаган соң 25 миңге жакын бүтүрүүчү мугалимдик кызматка иштешпейт. Жалпы педагогикалык адистиктеги бүтүрүүчүлөрдүн 20%га жакыны гана мугалимдик кесипке орношот. Мектепте ишке орношкон жаштардын 60% алгачкы үч жыл иштеп, кайра ишин таштап кетишери айтылат. Мунун баары миллиондоп кеткен бюджеттик каражаттарды актабай, тескерисинче чыгымдарды гана көбөйтүүдө [10].

Дүйнөлүк билим берүүнү карасак, мектепте окутуу системасы мыкты болгон мамлекеттерде педагогикалык окуу жайларына эң алдыңкы окуучулар гана тапшыра алышат. Алсак, Түштүк Кореяда педагогикалык окуу жайларына эң алдынкы окуучулардын 5%ынан тандалып алынат, Финляндияда -10 пайыздан, Гонконгдо – 30%дын ичинен тандалат. Кыргызстанда педагогикалык окуу жайларынын студенттери болуп жетишкендиктери төмөн жыйынтыктагы мектептердин бүтүрүүчүлөрү кабыл алынууда [10].

Экинчи учур. Педагогикалык окуу жайларында окуу процессинде жаштарды кызыктыра турган жаңы методикаларды, инновациялык-технологияларды колдонуу зарыл. Болбосо, тилекке каршы азыркы тапта айрым педагогдор салттуу окутуу формасы менен гана чектелүүдө. Биринчиден, технологиянын жетишкен заманында баардык маалыматтар жеткиликтүү болуп турганда, эски салтуу окутуу формасы маанилүү ролду ойной албайт. Экинчиден, азыр сабак учурунда студенттерге баардык билимдердин топтомун берип жеткирүү мүмкүн эмес. Себеби, XX кылымдын башында адамзаттын жалпы билимдерин өлчөмү эки эсеге көбөйдү: орточо алганда 50 жылга, ал эми XX кылымдын аягында ар бир 5 жылга [3, 67-б.].

Ошол себептен, лекциялардын гана функциялык ролун карабастан, практикалык иштерди да кайрадан карап чыгуу абзел. Сабактарда жалпы жана атайын билимдерди берүү менен катар, коомдун өсүп өнүгүүсүнө керектүү сапаттарды (коммуникативдүүлүктү, демилгени, өз алдынчалыкты, чыгармачыл деңгээлде болгон даярдыкты, жоопкерчиликти, чечкиндүүлүктү, белгиленген максаттарды ишке ашыруу билгичтигин ж.б.) өнүктүрүү маселеси жатат.

Бул маселени чечүү бир топ оорчулук жаратат. Дегеним, мугалимдердин айрым бөлүгүнүн информациялык-коммуникациялык денгээли али да болсо төмөн экен. Буга далил катары, 2020-2021-жылдагы онлайн окутууга өткөн учурду айтсак болот. Эн оболу, Бишкек шаарындагы айрым мугалимдердин электрондук адреси жок болсо, көпчүлүгү заманбап технология, компьютерде иштөөнү өздөштүргөн эмес. Ошого байланыштуу сабактар WhatsApp аркылуу өтүлдү.

Негизинен бул жалгыз педагогдорду күнөөсү эмес. Педагогдор арасында мындай нерселерди болтурбоо үчүн системалуу түрдө милдеттүү квалификациясын жогорулатып турууну ишке ашыраш керек. Мектеп директорлорунун айтымында бош орундардын 40%ы гана квалификациялуу мугалимдер менен толукталса, калган 60% коюлган талаптарга жооп бере албастыгы айтылат [8].

Изилдөөлөр көрсөткөндөй, бүгүнкү күндө квалификацияны жогорулатуу үчүн уюштурулуп жаткан айрым курстардын, семинарлардын көпчүлүгү формалдуу, эскирген жана натыйжасыз. Алардын эффективдүүлүгү жана мугалимдердин кесиптик өнүгүүсүнө тийгизген таасири канчалык денгээлде экендигине эч ким тарабынан баа берилбейт. Мындан тышкары, баардык эле окуу мекемелери кызматкерлеринин квалификациясын жогорулатууга кеткен төлөмдөрүн төлөп бере алышпайт.

Мындай шартта эмне кылыш керек? Өкмөттүн бул тармакты каржылоосун көбөйтүүсүн жана мугалимдердин айлык акысынын жогорулатуусун күтүү керекпи? Биринчиден, азыркы өлкөнүн социалдык-экономикалык абалында бул шарттын аткарылышын күтүү узак убакытты талап кылат. Ал эми сапаттуу замандын талабына жооп берген педагогдорду даярдап чыгаруу азыркынын талабы. Экинчиден, биздин көз карашыбыз боюнча бир гана айлык акыны жогорулатып коюу жана каржылоону көбөйтүү менен педагогикалык билим берүүдөгү бул маселе чечилип калбайт.

Изилдөөчүлөр белгилегендей, баарынан мурда бүтүндөй педагогикалык билим берүүнү түп тамырынан жаңылоо керек. Мында окутуу ыкмаларын, анын мазмунун, формаларын толугу менен карап чыгып, педагогикалык билим берүү комплекстерин түзүү зарыл. Бул комплекс педагогикалык колледж, ЖОЖ жана квалификацияны жогорулатуу институтун камтыш керек.

Бул системада эң башкы педагогикалык жогорку окуу жайын тандап алып, ал окуу жайы жеке эле педагогдорду даярдап чыгаруунун сапатын эле жогорулатпастан, өзүнүн базасына толук мыкты кадрларды топтошу керек. Мындан тышкары бул багытта олуттуу илимий изилдөөлөрдү жүргүзүү жолго коюлмак. Ал эми бул профилге байланышы жок окуу жайлары-

DOI:10.26104/IVK.2022.45.557



нан педагогикалык кадрларды даярдоону алып салыш керек. Себеби, башка профилге көп басым жасаган окуу жайларында педагогдорду даярдоо, студенттерди окутуу үчүн керектүү ресурстар, адистер жеткиликсиз болоору баарыбызга белгилүү [6].

Республика боюнча мындай педагогикалык кадрларды даярдап чыгаруучу эң башкы окуу жайы 1945-жылы негизделген кыргыз кыз-келиндер педагогикалык училищасынын базасында түзүлгөн азыркы И.Арабаев атындагы Кыргыз мамлекеттик университети боло алмак. 1952-жылы училища Кыз-келиндер педагогикалык институту [12,7-б.], ал эми 2005-жылы И.Арабаев атындагы мамлекеттик университети деп аталган. Бүгүнкү күндө аталган окуу жайда 10 миңден ашуун студенттер педагогикалык багыт боюнча билим алышууда. Университет педагогдорду даярдоодо уникалдуу тажрыйба топтогон. Ал эми интеллектуалдык негизин, республика боюнча педагогдорду даярдап чыгарууда бай тажрыйбага ээ болгон профессордук-окутуучулар курамы түзөт.

Биздин көз карашыбызда бул сунушту бүгүнкү күндө практикада колдонуп, ишке ашырыш керек. Бул эч кандай каржылоону талап кылбастан ишке аша турчу сунуш. Мындан тышкары чет элдик педагогикалык билим берүү системасынын изилдөөлөрү ар кандай социалдык-экономикалык же башка сферадагы кризистен чыгууда бийлик эң биринчи негизги фактор катары педагогикалык билим берүүгө көңүл буруш керектиги баса белгиленет. Анткени, бул тармак адамдык ресурстун, адамдык капиталдын калыптанышына гана таасир тийгизбестен, коомдогу туруктуулукту камсыздоо, руханий өнүгүүнү, улуттук коопсуздукту сактоону жана эң башкысы өлкөнүн дүйнөлүк аренада кадыр-баркынын өсүшүнө алып келет.

**Адабияттар:**


1. Киргизские пословицы и поговорки //https://tamgasoft.kg/-makaldar/ index.php?st=920 (дата обращения 10 марта 2021).
2. Асанканов А., Осмонов О.История Кыргызстана (с древнейших времен до наших дней). - Бишкек, 2002. - 576 с.
3. Болджурова И.С. Образование в Кыргызстане: история, проблемы и достижения. - Бишкек, 2018. - 164 с.
4. Супатаева Э.А. О подготовке педагогических кадров в Кыргызстане // URL:https://libraryiksu.kg/public/assets/upload/vestnik/ ISUSUPATAEVA2016-42.pdf5eddf710621d0.-pdf (дата обращения 10 февраля 2022 г.).
5. Добро пожаловать в Кыргызстан! // URL:http://www.welcome.kg/ru/ kyrgyzstan/science/juxlq/ (дата обращения 8 февраля 2022г.).
6. Курманали кызы М. Проблемы и перспективы развития высшего педагогического образования в современном Кыргызстане. - Бишкек, 2012. - 165 с.
7. Цифры и факты: день учителя (2021год) // URL:http://www-.stat.kg/ ru/news/cifry-i-fakty-den-uchitelyaa/ (дата обращения 8 февраля 2022г.);
8. Непрестижная профессия: как низкие зарплаты учителей влияют на экономику Кыргызстана? URL: https://economist.kg/novosti/ekonomika/2021/11/02/neprestizhnaya-professiya-kak-nizkie-zarplaty-uchitelej-vliyajut-na-ekonomiku-kyrgyzs(дата обращения 9 февраля 2022г.);
9. Престиж профессии учителя: что об этом думают в разных странах // URL:https://activityedu.ru/Blogs/proforientaciya/prestizh-professii-uchitelya-chto-ob-etom-dumayut-v-raznyh-stranah / (дата обращения 9 февраля 2022 г.)
10. Почти 60% молодых учителей уходят из школы в течение первых трех лет // URL:https://24.kg/obschestvo/210351_-pochti_60protsentov_molodyih_uchiteley_uhodyat_ izshkolyi_vtechenie_pervyih_treh_let// (дата обращ. 9 февраля 2022 г.)
11. Необходима новая парадигма педагогического образования Кутбилим-20.07.2015.// URL:https://kutbilim.kg/ru/news/inner/neobhodima-novaya-paradigma-pedagogicheskogo-obrazovaniya-ru/;(дата обращения 10 февраля 2022г.);
12. АсанкановА., Маанаев Э., Усупова Н. Кузница педагогических кадров. - Бишкек, 2002. - 80 с.
13. Факты о населении Кыргызстана. // URL:https://countrymeters.info/ru/Kyrgyzstan (дата обращения 12 февраля 2022 г.)
14. Кенан А. Сравнительная педагогика. Наука, новые технологии и инновации Кыргызстана. 2014. №. 1. С. 246-249.